КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын**
**№8 -ТОКТОМУ**

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

“Капиталдык курулуш департаментин” уюштуруу жана Жобосун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27,28,34-беренелерин жана “Базар-Коргон шаарынын статусу жөнүндө” мыйзамын аткарууга алып, 05.06.2023-жылкы чыгыш №01-17/510 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI -сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын алдында “Капиталдык курулуш департаменти” уюштурулуп, Жобосу бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жоопту катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**